Бишкек шаары Ленин району

№50 жалпы билим берүү орто мектеби

# №50 жалпы билим берүү орто мектебинин окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басарынын 2018-2019-окуу жылында аткарылган иштер боюнча жылдык отчету



**2017-2018-окуу жылында аткарылган иш-чаралардын негизинде 2018-2019-окуу жылына төмөндөгүдөй милдеттер коюлду:**

- ✓ Интерактивдөөгү ыкмаларды колдонуу менен билим сапатын жогорулатуу;
- ✓ Окуучулардын билимге болгон кызыгуусун жана өсүп-өнүүгүсүн талапка ылайык түзүү;
- ✓ Окуучулардын билим сапатын жогорулатуу үчүн жаны ыкмаларды пайдаланып сабак өтүү;
- ✓ ЖРТдан жогоркуу балл алууга даярдык көрүү;
- ✓ Олимпиададан алдынкы орундарга жетүүгө даярдык көрүү;
- ✓ Окуучулардын ден соолугун сактоо;
- ✓ Мугалимдердин чыгармачылык потенциалын жогорулатуу;
- ✓ Тарбия иштери боюнча өспүрүмдөдүн арасындагы кылмыштуулуктун алдын алуу иш-чараларын жүргүзүү;

Жогоруудагы коюлган милдеттерди ишке арышуу максатында окуу жылынын башында нормативдик-укуктук база жана ага ылайык локалдык актылар жана жоболор түзүлдү.
2018-2019-окуу жылына иш план түзүлүп,ал төмөндөгү бөлүктөрдөн турат:

- ✓ Педагогикалык кадрлар менен иш алып баруу;
- ✓ Окуу иштери боюнча мониторингдин жыйынтыгы;
- ✓ Ата-энелер менен иш алып баруу;
- ✓ Салттык иш-чаралар;

2018-2019-окуу жылынын планы базистик окуу планынын негизинде түзүлдү.Окуучуларга жумалык жүктөмө окуу планынын чегинен ашкан жок. Мектепте окууту процесси 2 сменде жүргүзүлөт,1-4,5,6,7,8,9,10,11-класстар 5 күндүк тартипте иш алып барат.

Окуу жылынын башында комплектөөнүн негизинде, мектепте 1289 окуучу окутулуп, 43 класс-комплекти түзүлдү.Анын ичинен 649 окуучу эркек, 640 окуучу кыз. Жыл аягында 1237 окуучу калды 616-кыз, 621 эркек балдар

Башталгыч класстарында 589 окуучу билим алат, 19 класс –комплекти анын ичинен 298-эркек,291-кыз. 5-9- класстарныда 582 окуучу билим алат,

21 класс комплекти 289-эркек,293-кыз. 10-11-класстарында баардыгы болуп 66 окуучу билим алат, 3 класс комплекти анын ичинен 36-эркек,30-кыз.

2018-2019-окуу жылында 117 окуучу кетип, 65 окуучу келди.Азыркы учурда

4-чейрекин жыйынтыгы менен мектепте 1237 окуучу, анын ичинен 621-эркек, 616-кыз.

| Класстар | Класстардын саны | Окуучулардын саны | Кыргыз тилинде окутуу | Орус тилинде окутуу |
|---|---|---|---|---|
| 1-4 класстар | 19 | 589 | 11 | 8 |
| 5-9 класстар | 21 | 582 | 12 | 9 |
| 10-11 класстар | 3 | 66 | 2 | 1 |
| 1-11 класстар | 43 | 1237 | 25 | 18 |

Окуучулардын улуттук составы төмөнкүлөрдөн турат:Кыргыз улутунан-,орус улутунан-,дунган-,казак-,өзбек -,кореец-,түрк улутунан- окуучу окуйт.

## Бишкек шаарындагы №50 орто мектебинин 2018-2019-окуу жылындагы ишмердүүлүктөрүнүн жыйынтыктарынын анализи

| **Мекеменин аталышы : №50 жалпы билим берүүчү орто мектеби** | | | |
|---|---|---|---|
| **Анализдин багыттары** | | | |
| **Билим берүү мекемесинин ресурстук базасы** | ***Китепкана фонду*** | ***Окуу китептер*** -10774 даана | ***Көркөм адабият китеби –*** 6697 даана |
| | ***Педагогикалык кадрлар курамы*** | 68 мугалимдер | 64- жогорку билимдүү,<br>– атайын орто билим<br>4 - орто билим<br>- бүтпөгөн жогорку |
| | ***Окуучулардын контингенти: 1237 окуучу*** | ***Башталгыч мектеп*** | 589 окуучу |
| | | ***Ортонку баскыч (5-9 класстар)*** | 582 окуучу |
| | | ***Жогорку баскыч (10-11 класстар)*** | 66 окуучу |
| | ***Класс комлектисинин саны: 43*** | ***Башталгыч мектеп*** | 19 класс |
| | | ***Ортонку баскыч (5-9 класстар)*** | 21 класс |
| | | ***Жогорку баскыч (10-11 класстар)*** | 3 класс |
| **Тарбия иштери боюнча ишмердүүлүктүн жыйынтыгы** | ***Иштин багыты*** | *адеп ахлактык тарбия<br>*окуучулардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо;<br>*окуу жөндөмдүүлүктөрү;<br>*сергек жашоо образы жана укук бузууга каршы күрөшүү;<br>* ден соолук жана спорт ; | |
| | ***Тобокел тобу:*** | | |
| | | ***Жашы жетеэлек өспүрүмдөр (ИДН) учетунда*** | 15 окуучу |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | ***Ийримдер ____***<br>( _____ ок-чу.) | ***спорттук*** | Волейбол<br>Баскетбол<br>Таэквандо<br>Шахмат |
| | | ***көркөм*** | Комузчулардын ансамбли<br>Бий ийрими |
| | | ***предметтик*** | СЮТ<br>Адабияттык  ийримдер<br>Корей тили |
| | ***Мектептик иш чаралар:*** | **Ачык класстык саатттар:**<br>*Билим күнү<br>*Эне тил күнү<br>*Карылар күнү<br>*Балдар дүйнөсү<br>*Мугалимдер күнү<br>*Гапар Мамановко арналган  мемориалдык досканын ачылышы<br>*СПИДге каршы күрөшүнүн эл аралык күнү<br>*Мүмкүнчүлүгү чектелгендердин күнү<br>*Ак калпак<br>*Эл аралык аялдар күнү<br>*Нооруз<br>*Космонавтар күнү<br>*Улуу жеңиш күнү<br>*акыркы коңгуроо аземи | |
| | ***Райондук иш чаралар:*** | аталышы:  «Мекен чеги»<br>орду: 3<br>аталышы: «Эр жигит»<br>орду: | |
| | ***Шаардык иш чаралар:*** | аталышы: «Мекен чеги»<br>орду: - | |
| | ***Окуучуларга социалдык жардам:*** | Жыл башында окуучулардын саны-1289<br>Алардын ичинен кыз баласы:-<br>Балдар:-<br>Жыл аягында окуучулардын саны-1237<br>Окуучуларга колдоо негизинен мектептин администрациясы жана окуучулардын колдоосу менен жүргүзүлөт, жана    25ге жакын аз камсызболгон үй бүлөлөр Ленин райондук социалдык өнүгүү башкармалыгында учётто турушат жана жөлөк пул алышат.<br>Жыл башында мүмкүнчүлүгү чектелген жана аз камсыз болгон, көп балалуу үй-бүлөлөрдүн, жары жетимдердин класс жетекчилеринин жардамы менен тизмелери алынып, ага карата иштер жүргүзүлдү.<br>Окуучулардын колдоосу менен көп балалуу, аз камсыз болгон үй-бүлөөлөргө атайын продуктулар чогултулуп белгилүү бир окуучунун санына берилди. Мындан тышкары райондук администрация жагынан концерттерге, театр, циркетерге аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө бекер билеттер берилип турду.<br>*Колдоого муктаж болгон окуучулардын саны*<br>Баардыгы – 254 | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | ***Ата-энелер менен иштөө:*** | *Жалпы мектептик ата-энелер чогулушу<br>* Ата-энелер менен жекече сүйлөшүүлөрдү жүргүзү<br>*Тарбиялык саттар<br>*ИДН жана МВД менен жолугуштуруу<br>*Медицина кызматкерлери менен жолугуштуруу<br>*Мектептин парламенти менен биргеликте «ата-эненин балага болгон жоопкерчилигин жогорулатуу» темасында тегерек столдор болуп турат. | |
| | ***Профорентациялык иштер :*** | КГУСТА, КТУ, КУУ, КГУ, БГУ, КМУ, Манас түрк университети, проф лицей №20, №98, №5, Милицейский школа | |
| **Окуу тарбия иштеринин анализи** | ***Мектеп боюнча окуучулардын жетишүүсү*** (окутуу кыргыз жана орус тилинде жүргү-зүлгөн класс-тардын жыйын-тыктарын бөлүп көрсөтпөө) : | *отличниктер* | 125 |
| | | *ударниктер* | 325 |
| | | *канааттандырарлык* | 638 |
| | | *Окуучу бир төрт менен* | 27 |
| | | *Окуучу бир үч менен* | 35 |
| | | *жетишпеген* | 1 |
| | | *ББК (билим, билгичтик, көндүм) сапаты %* | 41,2% |
| | | *Жетишүү %* | 100% |
| | ***9-класстардын жыйынтык аттестациясы*** | Баардыгы :87<br>Киргизилди :87<br>Бошотулгандар ВКК: жок<br>Отличниктер:5<br>Өзгөчө үлгүдө:3<br>33% билим сапаты 100 % жетишүүсү | |
| | ***11-класстардын жыйынтык аттестациясы*** | Баардыгы:48<br>Киргизилди :48<br>Бошотулгандар ВКК : жок<br>Отличниктер :2<br>Өзгөчө үлгүдө : жок<br>31% билим сапаты. 100% жетишүүсү | |
| | ***Олимпиады*** | ***Мектептик*** | Баардыгы 150 окуучу<br>Байгелүү орундардын жеңүүчүлөрү :92 |
| | | ***Райондук*** | Баардыгы: 19<br>Байгелүү орундардын жеңүүчүлөрү: |
| | | ***Шаардык предметтик /башка шаардык (аталышын берүү)***<br><br>***Городская предметная /другие городские (дать названия)*** | Баардыгы: 5<br>Байгелүү орундардын жеңүүчүлөрү: |
| | | ***Республикалык предметтик /башка республикалык (аталышын берүү)***<br><br>***Республиканская предметная / другие республиканские (дать названия)*** | Баардыгы: 0<br>Байгелүү орундардын жеңүүчүлөрү: |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | ***Эл аралык предметтик /башка эл аралык (аталышын берүү)***<br><br>***Международные (дать названия) / Международные (онлайн) (дать названия)*** | Баардыгы: 0<br>Байгелүү орундардын жеңүүчүлөрү: |
| | ***Алтын сертификат*** | Алтын сертификат -Жок | |
| | ***Долбоор ишмердүүлүгү*** | ***мектептик*** | *Долбоордун жалпы саны:0*<br>*1-орун*___<br>*2 -орун* ___<br>*3 -орун* ____ |
| | | ***райондук*** | *Долбоордун жалпы саны:1*<br>*1-орун*-1<br>*2 -орун* ___<br>*3 -орун* ____ |
| | | ***республикалык*** | *Долбоордун жалпы саны:0*<br>*1-орун*___<br>*2 -орун* ___<br>*3 -орун* ____ |
| | | ***эл аралык*** | *Долбоордун жалпы саны:0*<br>*1-орун*___<br>*2 -орун* ___<br>*3 -орун* ____ |
| **Мектептин ички көзөмөлү** | ***Көзөмөлдүн багыттары:*** | Тематикалык текшерүү;<br>Административдик текшерүү;<br>Диагностикалык текшерүү;<br>Жекече текшерүү;<br>Класстык жалпылоо; | |
| | ***Документтер менен иштөө:*** | Календардык-тематикалык план, күнүмдүк сабактын планы, класстык журналдар, күндөлүктөр, текшерүү иш, жат жазуу жана күнүмдүк иш дептерлерин текшерүү.коопсуздук эрежелери боюнча журнал. | |
| **Илимий–усулдук иштин анализи** | ***Милдеттери:*** | Заманбап сабактарды өтүүнү үйрөнүү;<br>Заманбап сабактарды проектилөөнүн усулдук сунуштарын иштеп чыгуу;<br>Сабакты жогорку усулдук денгээлде өтүүгө жетишүү;<br>Мугалимдердин жана окуучулардын илимий-изилдөө иштерин уюштуруу, олимпиада жана конференцияларга күчтүү окуучуларды даярдоо;<br>Заманбап сабактарды өтүүдө мугалимдердин кыйынчылыктарын билүү;<br>Мугалимдердин педагогикалык чыгармачылыгын өркүндөтүү жана билим алуу процессиндеги жаңылыктар менен дайыма тааныштыруу;<br>Сабактарда жаңы педагогикалык технологияларды колждонуу менен окуучулардын чыгармачылыгын өстүрүү жана билим сапатын жогорулатуу;<br>Педагогдордун иш тажрыйбаларын жайылтуу менен педагогикалык тажрыйбалардын жакшы жактарын ачуу; | |
| | ***Багыттары:*** | Педагогикалык кадрлар менен жекече иштөө; | |

| | | |
|---|---|---|
| | | Педагогикалык кадрларды аттестациялоо;<br>Педагогикалык кадрлардын өз билимин өркүндөтүү;<br>Усулдук бирикмелердин жумалыктарын өткөрүү:<br>Ачык сабактар;<br>Мотивациясы жогоруу болгон окуучулар менен иштөө;<br>Мотивациясы төмөн окуучулар менен иштөө;<br>Олимпиада;<br>Класстын тышкаркы иштер:<br>Докладдар;<br>Семинарлар;<br>Конференциялар;<br>Анкета жүргүзүү;<br>Жаш мугалимдер менен иштөө;<br>Тажрыйбаларды жайылтуу;<br>Диагностикалык изилдөө;<br>Маалымат усулдук иштер; |
| | ***Иштин формасы:*** | Семинар, тегерек стол, конференция, таймашуу, анкета жүргүзүү, насаатчылык, тажрыйба жайылтуу, өз билимин өркүндөтүү, өз ара сабактарга катышуу. |
| | ***Педагогикалык кеңеш****(темалары****):*** | -2018-2019-окуу жылынын окуу-тарбия иштери боюнча жыйынтыгы;<br>-Окуу-тарбия иштери боюнча 1-чейректин жыйынтыгы жана 1,5,10-класстарынын көндүмдөрү;<br>-2018-2019 окуу жылындагы окуу-тарбия иштери боюнча 1-жарым жылдыктын жыйынтыгы;<br>-Окуу-тарбия иштери боюнча 3-чейректин жыйынтыгы;<br>-Окуу-тарбия иштери боюнча 4-чейректин жыйынтыгы жана 1-4-класстарын класстан класска көчүрүү;<br>-5-6-7-8,10-класстарын көчүрүү сынактары;<br>-5-6-7-8,10-класстарды класстан класска көчүрүү;<br>-9,11-класттарды мамлекеттик сынакка киргизүү;<br>-9-класстарды бүтүрүү;<br>-11-класстарды бүтүрүү; |
| | ***Усулдук кеңеш****(темалары****):*** | -Усулдук иштер боюнча 2018-2019-окуу жылында аткарылган иш-чараларынын анализ отчету жана усулдук иштердин, усулдук бирикмелердин иш планын кабыл алуу;<br>-Предметтик олимпиаданы өткөрүүнү уюштуруу;<br>-Усулдук иштердин жана усулдук бирикмелердин 1-жарым жылдыкта аткарган иш-чараларынын анализ отчету;<br>-Заманбап сабактарды өтүү менен «Окуучулардын кызыгуусунун калыптануусунун мааниси» деген темада семинар өтүүнү уюштуруу жана экзаменге даярдануу боюнча экзамендин инструкциясын тааныштыруу;<br>-Усулдук иштер жана усулдук бирикмелердин жылдык отчету; |
| | ***Мектептин бирикмелери*** *(ишмердүүлүктүн багыттары):* | -Усулдук бирикмелерде кеңешмелерди өткөрүү<br>-Усулдук бирикмедеги чечимдерди жана сунуштарды колдонуунун негизинде нормативдик документтерди аткаруу<br>-предметтердин жумалыгын уюштуруу жана өткөрүү<br>-конференция, семинар, тоголок столдорго даярдануу жана өткөрүү<br>-интеллектуалдык марафондорду өткөрүү |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | -предмет боюнча усулдук бирикмедеги окуу жана кружоктук сабактарга катышуу<br>-предмет боюнча усулдук бирикмеде класстан тышкаркы иштерди өткөрүү | |
| | ***Мугалимдердин өз билимдерин жогорулатуусу:*** | КАО- 10 мугалим;<br>«Мамлекеттик стандарт» Билим Беруу министрлиги-6 мугалим (физика, химия, математика, биология, география, УВР)<br>Проект ЮСАИД «Келгиле окуйбуз»- 14мугалим | |
| | ***Инновациялык ишмердүүлүк (формасын жана багыттарын көрсөтүү)*** | -мугалимдерди аттестациядан өткөрүү<br>-Педагогикалык кадрлардын өз билимин өркүндөтүүсү<br>-методикалык семинарлар<br>-предметтик жумалыктар<br>-ачык сабактарды өткөрүү<br>-предметтер боюнча класстан тышкаркы иштер<br>-“мастерство учителя-это специалность который надо учиться” (А.С.Макаренко)<br>-тажрыйба алмашуу боюнча методикалык иштер | |
| | ***Кесиптик чеберчилик кароо-сынак тарыжанаиш-чаралар :*** | ***Райондук*** | Аталышы : 0<br>Орун: |
| | | ***шаардык*** | Аталышы :0<br>Орун:: |
| | | ***Республика*** | Аталышы :0<br>Орун: |
| | | ***Международные*** | Аталышы :0<br>Орун: |
| | ***ЖОЖ менен байланыштары*** | ***Кыргызстан*** | *КГУСТА, КТУ имени Раззакова, КНУ,КРСУ,Кыргызско-турецский университет Манас, БГУ, И.Арабаев атындагы КМУ* |
| | | ***Чет мамлекттер*** | *0* |
| | ***Усулду к семинарлар:*** | ***Район*** | Аталышы :0<br>Орун: |
| | | ***Шаар*** | Аталышы :0<br>Орун: |
| | | ***Республика*** | Аталышы :0<br>Орун: |
| | | ***Эл аралык*** | Аталышы :0<br>Орун: |
| | ***Эл аралык долбоорлор:*** | Жок | |
| | ***Аткарылган иш чаралар*** | **Илимий-усулдук иштердин аткарылышы:**<br>***Темасы*: «Окутууда, заманбап сабактарды өтүү билим сапатын жогорулатуунун зарыл фактору» деген теманы, максатын, милдеттерин тандап алышты.<br><br>***Максаты:*** Билим алуу процессин уюштурууда сабакты өтүүнүн негизги формасын жакшыртуу.<br><br>***Милдеттери:***<br>➢ Заманбап сабактарды өтүүнү үйрөнүү | |

| | | |
|---|---|---|
| | | ➢ Заманбап сабактарды проектилөөнүн усулдук сунуштарын иштеп чыгуу<br>➢ Сабакты жогорку усулдук денгээлде өтүүгө жетишүү<br>➢ Мугалимдердин жана окуучулардын илимий-изилдөө иштерин уюштуруу, олимпиада жана конференцияларга күчтүү окуучуларды даярдоо<br>➢ Заманбап сабактарды өтүүдө, мугалимдердин кыйынчылыктарын билүү<br>➢ Мугалимдердин педагогикалык чыгармачылыгын өркүндөтүү жана билим алуу процессиндеги жаңылыктар менен таанышуу<br>➢ Сабактарда жаңы педагогикалык технологияны колдонуу менен окуучулардын чыгармачылыгын өстүрүү жана билим сапатын жогорулатуу<br>➢ Педагогдордун иш тажрыйбалардын жакшы жактарын ачуу<br>**Усулдук советтин 2018-2019-окуу жылына карата кеңешмелери**<br>***Сентябрь айында***<br>1. 2017-2018-окуу жылындагы усулдук иштер боюнча отчет берилди.<br>2. Жаңы окуу жылына карата иш планды кабыл алынды.<br>3. Ар түрдүү суроолор боюнча<br>***Октябрь айында*** «Жаңы технологияны окутууда, колдонуу боюнча мугалимдердин  иш тажрыйбалары» деген темада семинар өтүлдү.<br>***Ноябрь айынды*** «Заманбап сабактарга коюлган усулдук талаптар» деген темада семинар өтүлдү.<br>***Декабрь айынды*** 1. I ж.ж мониторингинин жыйынтыгы<br>2. Программанын аткарылышы<br>3.Олимпиаданын жыйынтыгы<br>***Март айында*** 1. “Заманбап сабактарды өтүү менен окуучулардын кызыгуусун калыптанышынын мааниси” деген семинар өткөрүлдү.<br>2. Экзаменге даярдануу боюнча, экзамендин инструкциясы менен тааныштырылды.<br>***Май айынды*** 1. 2018-2019-окуу жылынын отчету<br>2. Программанын аткарылышы жөнүндө кеңешмелер өткөрүлдү<br>*Усулдук иштердин максатына жана милдеттерине ылайык төмөндөгү багыттар боюнча иш алып барылууда:* |

| | | |
|---|---|---|
| | | 1. Педагогикалык кадрлар менен иш алып баруу .<br>1.1. № 50 орто мектебинин курамы .<br>1.2. Педагогдордун кесиптик билимин жогорулатуу .<br>2. Усулдук совет жана усулдук бирикмелердин иштери .<br>- Тематикалык педагогикалык советтер жана семинарлар.<br>- Предметтик жумалыктар .<br>- Ачык сабактар .<br>- Класстан тышкаркы иштер, көргөзмөлөр .<br>3.Тажырыйбалуу мугалимдердин иш тажырыйбаларын жайылтуу .<br>4. Усулдук иштерди маалыматтар менен камсыздоо .<br>5. Жаңы келген жана жаш мугалимдер менен иш алып баруу .<br>6. Талантуу балдар менен иш алып баруу .<br>7. Начар окуган окуучулар менен иш алып баруу .<br>Мына ушул усулдук иштерди уюштуруунун формаларынын жардамы менен билим берүү программаларын, окуу пландарын жаңы техналогияларды колдонуунун натыйжасында ишке ашырылат. б . а жогоруда айтылган милдеттер аткарылууда .<br><br>**Усулдук бирикменин графиги:**<br>*сентябрь айында* - класс жетекчилердин жумалыгы ;<br>*октябрь айында* - кыргыз тили жана адабияты муг.УБ жумалыгы;<br>*ноябрь айында* - башталгыч касстарынын муг . УБ жумалыгы;<br>*декабрь айында* - орус тили жана адаб.муг УБ жумалыгы;<br>*январь айында* - эстетикалык илимдердин жана так илимдердин УБ жумалыгы;<br>*февраль айында* -табигый илим.англис тил муг. УБ жумалыгы;<br>*март айында* - гуманитардык илимдердин УБ жумалыгы<br>*УБ темасы : «ачык класстык сааттарды өтүүдө маалымат коммуникациялык технологияны колдонуу менен окуучулардын билим сапатын жогорулатуу»*<br>*Максаты:* мектеп окуучуларынын билим сапатын жогорулатуу менен бирге тарбиялык билимдерин жогорулатуу.<br>УБ кенешмелеринде тарбиялык иштердин планы , класс жетекчилерди ар бир класска шайлоо жана таанышуу. Ар бир классты предметтик кабинеттерге бекитүү. Жаш класс жетекчилерге насаатчыларды бекитүү. Класс жетекчинин милдеттери менен инструкциялары жана нормативдик документтер менен тааныштыруу. Класстык бурчту жана ден соолук бурчун жасалгалоону үйрөтүү. Ачык класстык сааттарды өткөрүү жана ага катышуу, анализ берүүнү үйрөтүү. Жыл бою класс жетекчилердин иштерине , жана окуучулардын мектептеги жана мектептен тышкаркы тарбиялык иштерине тарбия иштери боюнча директордун орун басары менен бирге көзөмөлдөө иштери каралат. 2018 – 2019 – окуу жылында класстарга класс |

жетекчи болуп төмөндөгү аты чыккан мугалимдер дайындалышты:

**Бишкек шаарындагы №50 орто мектебинин табигый илимдердин усулдук бирикмесинин 2018-2019-окуу жылында аткарылган иштердин жыйынтыгы**

Усулдук бирикмесинде иштеген мугалимдердин өткөн жылдагы иштерине анализ берилип , жаңы окуу жылына карата пландар түзүдлүп , милдеттер кабыл алынды . Ар бир мугалимге сааттар бөлүнүп берилип, календардык пландар түзүлүп бекитилди.Таланттуу жөндөмдүү жана жетишпеген окуучулар такталып , иш алып баруунун пландары бекитилди. Жаңы окуу жылына карата усулдук бирикменин темасы тандалып : «маалымат коммуникациялык технологияны колдонуу менен окуучулардын билим сапатын жогорулатуу жана чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн өстүрүү» деген теманын үстүндө иш алып барууда. Бул темага жараша мугалимдер өз билимин өркүндөтүүгө ылайыктуу темаларды тандап алышып ошол теманын үстңндө иштешүүдө.

Табигый илимдердин усулдук бирикмеси биология,физика,химия,география предметтерин катыйт. Усулдук бирикмеде 9 мугалим эмгектенип келет, алардын ичинен 6 мугалим тажрыйбалуу, 3 мугалим жаш иш тажрыйбасы аз мугалимдер.

| № | Ф.И.О | преметти |
|---|---|---|
| 1 | Орозова Карамат Масиралиевна | физика |
| 2 | Жумукова Самара Ташыновна | физика |
| 3 | Муканбеткалый кызы Наргиза | физика |
| 4 | Таттыбекова Жаркын Мыктыбековна | биология |
| 5 | Жумагулова Назгул Айтбековна | география |
| 6 | Джумалиева Айгуль Касымбековна | География |
| 7 | Мырзабаев Т.К | ДПМ |
| 8 | Абдыкеримова А | Биология |
| 9 | Турумбекова Н | химия |

*Билим сапаты боюнча I-IV чейректин жыйынтыгы төмөнкүдөй:*

1-чейректе 38,5%,2-чейректе 37.5% көрсөткүчтү берген билим сапаты 1-чейрекке салыштырмалуу 1%ке төмөндөп кеткен.3-чейректе 48% 4-чейректе 42% көрсөткүчтү берген жыл акырында көрсөткөн жыйынтыгы 47% түздү .

*Джумалиева Айгул Касымбековна*

География предмети боюнча эң төмөнкү проценттти 9 В класс 26% көрсөткөн,

7В класс 8%, 8Г класс 10% 7Д класс 11%ке билим сапаты жогорулаган. 7г класс 20%ке 9Вкласс 47% билим сапаты төмөндөгөн.

Сунуш: 1-чейректин жыйынтыгына караганда 2-чейректе кээ бир класстардын ортосунда айырма 20% ке чейин төмөндөгөн эмне себептен мындай айырма пайда болгондугун аныктоо сунушталды.

| | | |
|---|---|---|
| | | *Жумагулова Назгул Айтбековна география мугалими*<br>География предметинде 1 чейрекке салыштырмалуу анча айырма жок 1 чейректе 47%ти берсе 2-чейректе 47.8%ти 3-чейректе48% 4-чейректе 49% жылдык көрсөткүчү48% түзгөн .Класстардын ичинен 8А класста өзгөрүү болгон эмес42%ти берген.<br>*Муканбеткалый кызы Наргиза физика мугалими*<br>1-чейректин жыйынтыгы боюнча 33,3% , 2-чейректин жыйынтыгында 37%ти, 3-чейрек боюнча 38%ти, 4-чейрек боюнча 46% , жылдык көрсөткүчү 40% берген.<br>*Татыбекова Жаркын Мыктыбековна биология*<br>Биология предметинде 1 чейрекке салыштырмалуу анча айырма жок 1 чейректе 47%ти берсе 2-чейректе 47.8%ти 3-чейректе48% 4-чейректе 49% жылдык көрсөткүчү48% түзгөн.<br>*Таланттуу, жөндөмдүү окуучулар мене ниш алып баруу***.**<br>Жогорку мотивациялуу окуучулар менен мугалимдер деңгээлдерине жараша тапшырма берүү менен иш алып барышып жыйынтыгын 25-ноябрда мектеп ичинде өткөрүлгөн олимпиадада көрсөтүштү.<br>Олимпиаданы өткөрүүнүн максаттары:<br>-таланттуу окуучулардын бардык сабактарга болгон кызыгуусун пайда кылуу жана өстүрүү;<br>-таланттуу окуучуларга керектүү шарттарды түзүп берүү жана колдоо көрсөтүү;<br>-олимпиаданын жыйынтыгын чыгаруу.<br>**Табигый илимдеринин усулдук бирикмесинде өткөрүлгөн жумалыктын отчету:**<br>*Жумагулова Н.А* «Кыргызстандагы экологиялык проблемалар» деген темада конференция сабагын өттү. Сабакка 8-9-класстардын окуучулар катышты. Экологиялык проблемалар боюнча кызыктуу видио роликтер көрсөтүлдү. Окуучулар ойлорун ачык айтышып активдүү катышышты.<br>*Абдыкеримова А* «Витамины» деген темада 8Г классына ачык сабак өттү. Мугалим жаңы тема боюнча көп мааламат берди. Окуучулар эки топко бөлүнүп бири-бирине кызыктуу суроолорду беришти.<br>*Татыбекова Ж.М* «Балыктардын түрлөрү» деген темада 7-Б классына ачык сабак өттү. Окуучулар 3 топко бөлүнүп интерактивдүү методдор колдонуп өтүлдү. Окуучулардын ортосунда атаандаштыктар болуп сабак кызыктуу өтүлдү. Аягында окуучулар өздөрүн өздөрү баалап, жыйынтык чыгарышты.<br>*Джумалиева А.К* «Дүйнөлүк океандардын булгануусу» деген темада конференция сабагын өттү. Көптөгөн слайддар көрсөтүлдү.Окуучулар презентация жасашты.<br>Жумалыктын башында усулдук бирикмеге кирген сабактардын ачылышы болду. Мында залга атайын тактада география ,биология , химия ,физика сабактары боюнча ырлар , макал-лакаптар, жаратылыш сүрөттөрү, улуу окумуштуу илимпоздордун сүрөттөрү илинген.<br>Мында ар бир окуучу кызыгып көрүүгө мүмкүнчүлүк алышты. |

| | | |
|---|---|---|
| | | Жуманын аягында жыйынтыктоочу болуп ар бир сабактан окуучулар презентация жасашты. Презентация метод кабинетте өтүп , ага көптөгөн мугалимдер окуучулар катышты.<br>*Төмөнкү мотивациялуу окуучулар мене ниш алып баруу*<br>География сабагынан 8-А классынын окуучусу Бугубаев Б,8-В Кокоев А Ибраев Ж бул окуучулаудын өздөштүрүүсү начар. Үй тапшырмаларын аткарышпайт сабакка көңүл бурушпайт. Бул окуучуларга кошумча тапшырмалар берилип класс жетекчиси ата-энелери менен иш алып барылууда.<br>Биология сабагы боюнча орус класстарынан Кайтиев М, Кенебаев Э, Искендер кызы М Жаентаев З бул окуучулардын өздөштүрүүсү начар . Мугалим таблица сүрөттөр менен иштөө аркылуу сабактан кийин алып калып иш алып барат.<br>***Жаш адистер мене ниш алып баруу.***<br>Усулдук бирикмеде жаш адис болуп физика мугалими Муканбеткалый кызы Наргиза эсептелет иш тажрыйбасы 1жыл. Наргизага насаатчы мугалим дайындалган Жумукова С.Т жана Орозова К.М жардам берип келет. Насаатчы мугалимдер жана усулда иштеген мугалимдер сабагына катышып сунуш пикирлерин айтып турушат.<br>***Тажрыйбалуу мугалимдер мене ниш алып баруу.***<br>Усулдук бирикмеде тажрыйбалуу мугалимдеоден 6 мугалим бар. Алардын ичинен бирөө эл мугалими. Тажрыйбалуу мугалимдер жаш мугалимдерге тажрыйбалар менен бөлүшүп методикалык жактан жардам берип келишет. Жаш мугалимдер сабактарына катышып жаңы ыкмаларга ээ болууга ракет кылышат. Орозова К.М жаш мугалимдерди чогултуп алып өзүнүн иш тажрыйбалары менен бөлүшүп кандай иш алып баруу керек экендигин сунуш кылып жол көрсөтүп турат. Жаш мугалимдер иш тажрыйбасы аздар Орозоаа К.М дан усулдук жардам алып турушат.<br>***Башталгыч орус класстарынын УБ 6 мугалим кирет. (Анын таблицасы тиркелген).***<br>*Усулдук темасы:* “Башталгыч класстарынын орус тили жана адабияты сабагында жаңы педагогикалык технологияларды колдонуу, окутуунун сапатын жогорулатуунун негизги каражаты”.<br>*Максаты:* инсандын өсүп өнүгүшүнө шар түзүү, анын чыгармачыл жөндөмдүүлүгүн толук ачуу, орус тил сабагында жаңы технологияларды колдонуу менен инсандын негизги компетенттүүлүгүн калыптандыруу.<br>*Милдеттери:* 1. Мугалимдердин педагогикалык чеберчилик денгээлин жана маалымат-коммуникациялык технологияларды колдонуу областындагы компетенциясын жогорулатуу.<br>2. Заманбап технологияларды жана ар түрдүү деңгээлдеги (дифференциалдык), жекече инсандык-багыт мамилемин колдонуу менен окуучулардын билим сапатын жогорулатуу.<br>3. Техникалык каражаттарды жана окутуунун заманбап усулдарын колдонуу менен заманбап сабактардын сапатын жакшыртуу жана эффективдүүлүгүн жогорулатуу.<br>Башталгыч орус класстарынын мугалимдери тажрыйбалуу. Окуу жылынын башталышында УБ жетекчиси |

мугалимдер менен аңгемелешип УБ жана мугалимдердин усулдук жана өз билимин өркүндөтүү боюнча темалары тандалып, аны качан аткаруунун мөөнөттөрү белгиленди. (Мугалимдин өз билимин өркүндөтүүнүн темасы тиркелди).

Мугалимдин сабагына кирүүдө заманбап сабактарды өтүүдө усулдардын ар түрдүү формаларын колдонуп, жаңы теманы түшүнүүгө окуучуларды шыктандырышат.
Мугалимдер жана окуучуларга коюлган бирдей талаптар аткарылат.
Ар бир сабак уюштуруу менен башталат (жазуу иштерине керектүү окуу куралдары текшерилет).

Окуучуларга болгон мугалимдин мээримдүү мамилесин, мугалим менен окуучулардын бири-бирин түшүнүшүп, иш алып баруу мамилелерин белгилеп, кетүүгө болот. Сабактар жакшы маанайда өтөт. Мугалимдердин сабактарынын планы талапка жооп берүүчү мазмундуу жазылган. Сабактарда сулуу жасалган таратылуучу материалдар, слайддар колдонулат. Орус тили сабагында окуучуларды сабаттуулукка үйрөтүүдө, аларга билим деңгээлине жараша, жекече мамиле жасап окутуунун ар түрдүү формаларын жана көрсөтмөлүү материалдарды колдонушат. Ал эми математика сабагына сапаттуу даярданышып окуучуларга ар кандай деңгээлдеги мамилени окутууда колдонушат. Окуучулар мугалимдин айткандарын туура аткарышып оюндарга активдүү катышышат.

Жетишпеген окуучуларды жетиштирүү үчүн ар бир сабактарда алардын алган билимин ар кандай учурларда колдоно билүүсүн калыптандырып ар кандай деңгээлдеги жана жекече иштерди, кайталоолорду, кошумча сабактарды өткөрүп турушат.

Окуучулардын предметке болгон кызыгуусун көтөрүү жана таанып билүү активдүүлүгүн, көрүнүшүн өстүрүү максатында предметтик жумалыктар өткөрүлөт.

*Максаты:* 1. Маданияттуулугун, жекече жөнөмдүүлүгүн, эсте тутуусун өстүрүү менен сапаттуу билим алуу үчүн, жакшы шарттарды түзүү.

2. Өзүн-өзү башкаруу. Өзүн-өзү таанып билүүсүн жана окууга болгон кызыгуусун өстүрүү.

3. Окуучулардын окуп жаткан предметке болгон кызыгуусуна предметик жумалыктын тийгизген таасирин баалоо.

4. Мугалимдердин уюштуруучулук жөндөмдүүлүгүн жана чыгармачылык мүмкүнчүлүктөрүн ачууга жардам берүү.

**Олимпиадаларга катышуу**

| Мөөн өтү | Иш-чара | Окуучу | жыйынтыгы |
|---|---|---|---|
| 18.03 | Мектеп ичинде өткөрүлгөн олимпиада | Болоталиев Эмир,3-г кл<br>Тообаев Эмирхан, 2-г кл | 1 орун<br>1 орун<br>2 орун<br>3 орун |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Найзабекова Амина, 3-г кл<br>Бакенова Эльнура,3-г кл | |
| 28.04 | Математика предмети боюнча шаардык олимпиада | Болоталиев Эмир, 2-г кл<br>Тообаев Эмирхан, 2-г кл | сертификат |
| | Математика предмети боюнча шаардык олимпиада | Кусейнова Диана 4-д кл | сертификат |
| 18.03 | Мектеп ичинде өткөрүлгөн олимпиада | Ниязбаева Э<br>4-г | 1 орун |
| 18.03 | Мектеп ичинде өткөрүлгөн олимпиада | Нильский Никита<br>4-д | 2 орун |
| 19.11 | Көркөм окуу боюнча конкурс | Бакенова Эльнура, 3-г | 1 орун |
| 19.11 | Көркөм окуу боюнча конкурс | Адылбекова Г<br>4-г кл | 1 орун |

**Тажрыйба алмашуу максатында педагогикалык кеңешмелерде чеберчилигинин өстүрүүчү иш чараларга катышуу**

| № | Мугалимдин аты жөнү | убагы | Иш-чаранын формасы: Педагогикалык кеңешме(тема), чыгармачылык тобу,ачык сабактар ж.б |
|---|---|---|---|
| 1 | Сейдакматова Толкун Жоодатбековна | 06.12<br><br>12.12 | Математика сабагы боюнча ачык сабак «Табличное умножение и деление.Закрепление»<br>Мастер класс «Дифференцированный подход в |


| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | начальной школе» |
| 2 | Байызбекова Айнагуль Асымбековна | 9.04 | Мастер класс «Групповые формы работы» |
| 3 | Оморова Перизат Ырсалиевна | 06.11<br><br>09.12 | Доклад «Применение ИКТ на уроках математики»<br>Математика сабагы боюнча ачык сабак « Уравнение»<br>Мастер класс «Современный урок в начальной школе» |
| 4 | Кожогулова Анара Омурзаковна | 07.12 | Математика сабагы боюнча ачык сабак «Умножение на 0»<br>Доклад « Игровая технология»<br>Мастер класс «Современный урок в начальной школе» |
| 5 | Хаирзаманова Гульнара Карамовна | 08.12 | Математика сабагы боюнча ачык сабак |

Башталгыч класстын усулдук бирикмесинин алдына коюлган милдеттер тапшырмалардын баардыгы аткарылды деп эсептөөгө болот.

1 класстардын арасында тамгалардын арасынан тааныш тамганы табуу оюнун уштурууда төмөндөгүдөй жыйынтык көрсөтүштү:

| | | |
|---|---|---|
| | |  <br><br>Окуучулар менен бирдикте ата-энелеринин «Бирге окуйбуз» долбоору боюнча китепканада жүргүзүлгөн иш аракеттер:<br><br> <br><br>**Башталгыч класстарынын жумалыгы**<br><br>Жумалык 1-15.2018ж чейинки убакытта өткөрүлгөн. Планы педагогикалык кеңешмеде талкууланып бекитилип, жарыя тактасына илинип коюлду.Планда ачык сабактан тышкары ар кандай иш-чараларды камтыган, жаш мугалимдер үчүн мастер-класстар уюштурулган.<br><br>УБ жетекчиси Сейдакматова Т.Ж «дифференциалдык окутуунун технологиясы» деген темада пед.кеңешмеде мастер класс көрсөттү. |

| | | |
|---|---|---|
| | | <br>Байызбекова А.А.-1 г класс менен математика сабагынан бышыктоо сабагын өткөрдү. Сабактын максаты дааны так көрсөтүлгөн. Жекече иштөө методун колдонуп өткөргөн.<br> <br>Кожогулова А.О-3 класс математика сабагынан<br>Сейдакматова Т.Ж-2 г класс орус адабиятынан<br>Хайрзаманова Г.К-1д класс математика сабагынан<br>Оморова П-2 д класс математика сабагынан ачык сабак өткөрдү<br><br>Көркөм окуу боюнча конкурс өткөрүлдү |

<table>
<tr>
<td></td>
<td></td>
<td> <br><br>Мыкты кол жазма конкурсу<br><br>Сүрөт тартуу конкурсу<br><br> </td>
</tr>
<tr>
<td colspan="2">Психологиялык кызматынын ишинин анализи:<br>психолог</td>
<td>№50 орто мектебинин психологунун 2018-2019-окуу жылында аткарылган иш чаралардын жылдык отчету<br>Окуу жылынын башталышында болочоктогу биринчи класстын окуучуларына мектептеги окутуууга өтүү даярдыгынын деңгээлин аныктоо боюнча психологиялык жекече жана топтомдук текшерүү өткөрүлгөн.<br>Мектепте окутуунун башталышы-балдардын жашоосундагы социалдык-психологиялык жактан эле эмес, физхологиялык жактан да бирден бир татаал жана жоопкерчиликтүү учур. Мында баланын мектепке чейинки ишмердигинин түлөрү менен топтолгон тажрыйбаларына жаңыча мамилелерди эстүү жайгаштыруу зарылдыгын жасоого туура келет.Окуучунун</td>
</tr>
</table>

| | |
|---|---|
| | көнүшү жүрүшүнүн бузулушу жалпы окуу ишмердүүлүгүнө анын субьек катары калыптанышына таасир этет. Мектеп биринчи күндөн эле баланын алдына көптөгөн тапшырмаларды коет.<br>Бүгүнкү күндө мектебибизде биринчи класстагыларды көнүктүрүүгө көмөктөшүүнүн психикалык-педагогикалык өздүк тутуму жаралган, ал биринчи класстарды мектепке окутууда социалдык-психологиялык жактан көнүктүрүүнүн оптималдык шарттарын түзүүгө багытталган жана өзүнө буларды камтыйт:<br>-мектепке чейинкилердин мектепке окутуунун даярдыгынын диагностикасы;<br>-жекече кеп-кеңештер жана болочоктогу биринчи; класстагылардын ата-энелери менен жыйналыш;<br>-биринчи класстагылардын мектепке алгачкы; көнүктүрүү убагындагы жөлөп таё;<br>-кенже класстагыларды көнүктүрүүнүн тейлөө жыйынтыктарына көз салуу;<br>**Буга төмөндөгүдөй усулдар колдонулган:**<br>-долбоордук усул боюнча «Менин уй бүлөм», «Айбанаттар мектеби» сүрөттүк тест;<br>-графикалык жат жазуу;<br>-Булардын курчап турган чөйрөлүк жана тиричиликтеги билимдеринин жалпы багыт алуусу;<br>-биринчи класстагылардын ата-энелерин сурамжылоо;<br>Диагностикалык жыйынтыгы боюнча биринчи класска негизинен бышып жетилген-балдар келгендигин көрсөттү, алар:<br>-түстөрдү ажырата алат<br>-өздөрүнүн ойлорун туура айтышат<br>-курбалдаштары менен мамилелерин жөндөйт<br>-геометрикалык тулкуларды таанышат<br>-ашыкчаларды бөлүп алып ташташат<br>Ошондой эле окуу учурунда көнүктүрүүгө мүмкүн болбогон балдардан 1 аныкталды, 1 Б классынын окуучусу Мухамедиярова Сумая 1-класста күзгү сыноого калууга пед советтин чечими коюлду<br>*5-класстарга* өтүү боюнча кабатырлыкка тест өткөрүлдү, ошону менен катар «Филипстин» сурамжысы класс жетекчилердин өтүнүчү менен 5 «А» «Б» «В» класстарында үстөмдүккө каршы тест жүргүзүлүп, натыйжасы боюнча психологиялык-коррекциялык иштер жүзөгө ашырылууда.<br>6 «Б» класстын класс жетекчисинен өтүнүч түшкөн. Окуучуларды сурамжылоонун негизинде алардын окууга кызыгуусу төмөндөгөн, андыктан мындан ары алар менен психологиялык-коррекциялык жана алардын ала иштерди жүргүзүүнү алдын алуу менен окуучулардын тартиби жана окууга болгон кызыгуусу өз абалына келип калыптандырылды. Мектеп администрациясы, предметтик мугалимдер менен чогуу бирдикте иш алып барылды.<br>Өзүн өзү өлтүрүүнүн алдын алуу боюнча божомолдон тышкары иш чараларды жалпы мектептик ата энелер |

| | |
|---|---|
| | чогулушунда баян жасалды, 9-класстын окуучулар арасында купуя сурамжылоо өткөрүлдү жыйынтыгы төмөндөгүдөй болду:<br>**«Суицид» боюнча сурамжылоо. Суидцидге сен кандай карайсын?**<br>Макул-0<br>Каршы-32<br>Бейтарап-13<br>Кеп кеңештер<br>-биринчи класстын ата-энелери, мугалимдери менен биринчи класстардын диагностикасы жана көнүктүрүү маселеси боюнча баштапкы жана жекече кеп-кеңештер өткөрүлдү, ал эми экинчиси мектептеги балдарды тестирлөө жана көнүктүрүү учурундагы психологиялык-педагогикалык көмөктүн уюштурулушунун жыйынтыктары боюнча ишке ашырылган.<br>-жаны дайындалган класс жетекчилер менен кеп-кеңештер өткөрүлдү. Топтук диагностиканын жыйынтыгы боюнча окуучуларды бөлмөмө чакырамын, алардын кызыккан темалары мектептин жана класс жетекчилердин өтүнүчү боюнча иштейбиз.<br>Балдар былтыркы жылга караганда көбүрөөк ачылышты жана өздөрүнүн кыйынчылыктары менен көйгөйлөрү тууралуу айта башташты. Аларды кызыктырган темалар булар:<br>-кесип тандоо<br>-каршылаш ныныстуулар менен өз ара мамиле<br>-үй-бүлөнүн ичиндеги түшүнбөөчүлүктөр<br>-мугалимдер менен болгон келишпестик кырдаалдар жана башка көптөгөндөр.<br>**коррекциялык-өнүктүрүү сабактары**<br>-жетишүүсү начар балдар менен иштөө, жаңы окуу жылына «ийгилик багымтамасын» түзүү.<br>**Сереп иши**<br>Өспүрүмдөр жана кенже окуучулар үчүн психологиялык-коррекциялык өнүктүрүү мүдөөсүн түзүү.<br>Психологиялык-педагогикалык комиссияларга, жашы жетпегендердин укук бузуусун алдын алуу боюнча кеңештерг, акимчиликтин кеңешмелерине катышуу.<br>Конференцияларга, семинарларга, көнүгүмдөргө материал даярдоо.<br>Социалдык педагог жана ИДН менен жетишсиз үй бүлөдөгү балдардын үйлөрүнө бир канча жолу рейд өткөрүлдү.<br>**Уюштуруу-усулдук иштердин алкагында булар жасалды**<br>-тестирлөөнү талдоо жана даярдоо. Биринчи класстарга «Айбанаттар мектеби жана менин үй бүлөм»;<br>-Ата-энелер менен мугалимдерге сурамжылоону талдоо жана даярдоо;<br>-бардык даражада боюнча окуучулардын таржымал жазмасын жалпылоо жана жоопттууларды түзүү;<br>-психологдун иштерин болжолдоо, класс жетекчилер, сабак берүүчүлөр жана администрация менен биргеликте божомолдорду иштеп чыгуу, мектептин окуу божомолуна |

| | |
|---|---|
| | зарыл болүмдөрдү киргизүү, ата-энелердин чогулушун өткөрүү жана жалпы иш чаралардын божомолдорун мектептин администрациясы менен макулдашуу;<br>-социалдык-психологиялык кызматтардын бөлмөсүн жасалгалоо<br>-балдарды диагностикалык жана коррекциялык-өнүктүрүү иштеринин усулдук материалдар менен камсыздоо. Жаңы адабияттар менен иштөө жана окуп үйрөнүү;<br>-Өспүрүмдөр үчүн психологиялык көнүгүүмдүн мүдөөсүн даярдоо<br>-Сурамжылоону, тесттерди талдоо жана кайра иштетүү. Психологиялык аспаптарды даярдоо. |
| **Соцпедагог кызматынын ишинин анализи:**<br>___ соцпедагог | **№ 50 орто мектебинин 2018-2019-окуу жылындагы соц. педагогунун аткарылган иш чараларынын жылдык отчету**<br>Жыл башында окуучулардын саны такталып, мектептеги окуучулардын жашоо шартын иликтөө үчүн социалдык паспорту класс жетекчилердин жардамы менен түзүлдү.<br>Жалпы окуучулар саны___________________1237<br>Жетим________________________________4<br>Жарым жетимдер _____________________________51<br>Көп балалуу үй-бүлөлөр-__________________86<br>Аз камсыздалган үй- бүлөдөгү окуучулар___17<br>Майып окуучулар__________________________3<br>Кооптуу окуучулар_________________________3<br>Ыркы жок үй-бүлө(неблагполучная семья)_______2<br>ИДНдин учетунда турган окуучулар______________________0<br>Мектептин учетунда турган окуучулар____________________16<br>Жоолукчандар _______________________________________2<br>Окуучулардын диний маданияттуулугун жогорулатуу максатында «Хиджаб»кийген кыздар менен кыздар аңгемелешүү жүрүзүлдү. Ата-энелери менен жолушушуп,пикир алышуулар болду.<br>Мечитке жума намазга барып турган окуучулардын тизмеси такталды. Бул окуучуларга түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп, сабактарга жолтоо болбогондой учурда мечитке баруу жагы дагы каралды.<br>**Ысык тамактануусу боюнча уюштуруу иши**<br>Ушул эле сентябрь айында жетим балдар, көп балалуу үй-бүлөдөгү окуучулар, аз камсыздалган үй-бүлөдөгү окуучулар үчүн мектепте<br>“Бекер тамактануусу ” уюштурулду.24 окуучу киргизилип, алардын атайын тастыкталган документтери чогултулду.<br><br>Сентябрь айында “Репродуктивдуу ден соолук системасы” иш чарасынын негизинде ден соолукту чындоо жана сактоо боюнча ОсОО Orange дарыгерлер бирдикте, уюштуручуулар тарабынан жыл сайын өтүлүүчү өспүрүм кыздар (5-класстар) үчүн гигиеналык тазалыкты сактоо боюнча лекция өтүштү. |









**Класс жетекчилер менен иштөө**

Октябрь айында соц. паспортко кирген окуучулардын документтерин чогултууга класс жетекчилер жардам менен ишке ашты.

Окуу жылынын башында баланын жүрүм-турумуна байланышкан кыйынчылыктарды,кемчиликтерди аныктоо максатында кээ бир

| | |
|---|---|
| | үй-бүлөлөргө класс жетекчилер жана тарбия завучу Мамадиева Ж.Э менен бирге барып эне-аталары менен сүйлөшүү жүргүздүк. Ушул эле айда ата-энеси ичимдик ичкен окуучулардын үйлөрүн кыдырып, балдардын окуусуна түзүлгөн шарттарын жашоо-абалын текшердик.<br>Мындан тышкары толук жетим, жарым жетим жана аз камсыздалган балдар үчүн гуманитардык жардам көрсөтүлүп, спорттук формалар берилди<br>1.Бусов Д-5Гкласс<br>2. Алиев Ф-6Гкласс<br>3. Будайбеков Б-9А класс<br>4. Омурсулатанов Н-9Б класс<br><br>Сабакты көп себепсиз калтырган, сабакка даярдыгы жок келген, кечигип келген окуучулардын үйлөрүнө барып, үй шартын текшерүү менен түшүндүрүү иштерин жүргүздүк алар:<br>Султаналиев С-11Бкласс<br>Кубанычбек у М-7Бкласс<br>Алимбекова А-7Б<br>Кыдырбекова Э-2В<br>Абдуллаева В-4А класс<br>Абдуллаева М-3Бкласс<br>***<u>Укук бузулардын алдын алуу боюнча –</u>***<br>Мектеп ичинде окуучулар арасында “Опусалап талап кылуу” боюнча 2-6 жана 7-11 класстардан анкета алынды. Жыйынтыгы боюнча |

| | |
|---|---|
| | 5-класстар ararсынан 10%<br>6-класстар 6,5%<br>7-класстар 6,7% берди.Жыйынтыгы менен 5-7класстары менен сүйлөшүп, алардын ата-энелери менен талап кылуунун алдын алуу боюнча чогулуш тарбия иштери боюнча Мамадиева Ж.Э, окуу-тарбия иштнри боюнча директордун орун басары Каныбекова Т.К, психолог Акунова Ы.М, мектептин инспектору Турдумамбетов Р, жана соц педагогдун катышуусунда өттү.<br>Ноябрь, декабрь айларында “Майып адамдардын укуктары жөнүндө конвенция” деген темада ар бир класстар класстык саат өтүштү**.** Бул иш чарага мектеп окуучуларынын колдоосу менен Бишкек шаарынын №22 атайын жардамчы мектепке окуу куралдары жеткирилди.<br><br>Март апрель айларында мектептин учётунда турган “Тобокел тобундагы” жана аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн коомдук жашоо шарттарын текшерүү үчүн рейддер тынымсыз жүргүзүлүп жатты.<br><br>Май айларында аягында райондук Билим Берүү Башкармалыганан жайкы эс алууга бир жолдомо берилип, ага мектептен атайын льготасы бар 6А-классынын окуучу Амантур уулу Салижан жиберилди .<br>Жыл жыйынтыгы менен<br>Жалпы окуучулардын саны -1237<br>Мектептин учётунда тургандар -16<br>ИДНдин учётунда тургандар-0<br>Каралып жаткан иштер КДД-2 |

**Жыйынтык:**

2018-2019-окуу жылында мектептеги педагогикалык кадрлардын курамы баардыгы болуп 68 мугалим эмгектенет, анын ичинен 64 мугалим жогорку билимдүү, 4 мугалим орто билимдүү. Коллективдин пед стажысына токтоло турган болсок: пед стажы 5 жылга чейинки мугалимдердин саны-21 мугалим
5-10жыл-8 мугалим
10-15жыл-8 мугалим
15-25 жыл-7 мугалим
25 жылдан жогорку-24 мугалим эмгектенет.


**Окуу тарбия иштеринин анализи**

Окуу –тарбия процессинде негизинен төмөнкүлөргө көзөмөл жүргүзүлдү:


- ✓ Всеобучтун аткарылышы;
- ✓ Окуу предметтеринин берүү абалы;
- ✓ Окуучулардын билим сапаты;
- ✓ Мектептин иш-кагаздарынын сапаты;

Биринчи жарым жылдыктын жыйынтыгында жыйынтыгында окуучулардын жетишүүсү-100%, билим сапаты- 39% түздү.Бул чейректе 3-9 класска чейин аттестацияланды, Баардык отличнектирден саны-93,ударниктердин саны-263 жана троечниктердин саны-576 окуучуну түздү.

2018-2019-окуу жылындагы окуу процессиндеги 1жарым жылдыктын мониторинги




**2018-2019-окуу жылындагы окуу процессинин 2 жарым жылдыктын мониторинги**



**2017-2018-окуу жылында 1 жана 2 жарым жылдыкты салыштыруу мониторинги**




2018-2019-окуу жылында 2-11 класстардын билим сапатынын көрсөткүчү-41,2 % түздү. Билим сапаты жана жетишүүсү боюнча эң жакшы көрсөткүчтү башталгыч класстын класстары көрсөтүштү. Эң жакшы жыйынтыкты берген класстар 5 А, 5 Б, 6 А, 6 Д, 5 Г 6 В, 7 А класстар. Биринчи жарым жылдыктын ичинде билим сапатын жогорулатуу максатында администрациялык текшерүү иштер жана чейректик текшрүү иштери алынды .Андан тышкары БББ тарабынан текшерүү иштер төмөнкү предметтер боюнча алында жана жыйынтыгы төмөндөгүдөй болду.